Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз
улуттук университети

Министерство
образования и науки
Кыргызской Республики

Кыргызский
национальный университет
им. Ж. Баласагына

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025-ж 18-июнь № 280 Бишкек ш.

**Окутуунун регламентин жана Убакыт ченемдерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы №590 Токтомун аткаруу максатында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары КУУ) студенттерин окутуунун регламентин жана университеттин жогорку, орто кесиптик билим берүү программалары боюнча профессордук-окутуучулук курамынын педагогикалык жүгүн пландоонун жана эсепке алуунун убакыт ченемдерин бекитүү жөнүндөгү Окуу-методикалык кеңешинин (2025-ж. 16-апрелиндеги №6 протоколу) жана Сапат кеңешинин (2025-ж. 14-апрелиндеги №2 протоколу) чечимдеринин негизинде **буйрук кылам:**

1. 2025-2026-окуу жылына КУУнун биринчи курсунун студенттерине жана кийинки окуу жылдарында окууга кабыл алынган студенттерди окутуунун жаңы Регламенти бекитилсин (Тиркелет).

2. КУУнун студенттерин окутуунун Регламентине (Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 30-августундагы №10 протоколу менен бекитилген) өзгөртүүлөр жана кошумчалар киргизилсин.

3. КУУнун жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча профессордук-окутуучулук курамынын педагогикалык жүгүн пландоо жана эсепке алуунун Убакыт ченемдери бекитилсин (Тиркелет).

4. Бул буйрук менен кызыкдар тарапты маалымдоо жалпы бөлүмгө жүктөлсүн.

5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Ректор** **Д.Т.Чонтоев**

**Макулдашылды:**

Биринчи проректор-окуу
иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиев

Юридика бөлүмүнүн башчысы Р.К.Токтоналиев

Жалпы бөлүмдүн башчысы Э.К. Турдумамбетова